# ТЕМА 3 БОЮНЧА ТЕСТ

1. **“Маданий ар түрдүүлүк” түшүнүгүнүн мааниси эмнеде?**
   a. “Биримдик”
   b. “Түшүнүктөр менен билимдердин жыйындысы”
   c. “Ар түрдүү маданияттар менен салттардын айкалышы”.

2. **“Көп тилдүүлүк” түшүнүгүнүн мааниси эмнеде?**
   a. Элдер арасында субтилдин колдонулушу
   b. Эки же андан көп тилди жеке сүйлөөчүнүн же сүйлөгөндөрдүн коомчулугунун колдонуусу.
   c. Этникалык тил илими

3. **Конфессия түшүнүгүнүн мааниси эмнеде?**
   a. Атеизмдин ысымдарынын бири.
   b. Философиядагы өзүнчө бир багыттын аталышы.
   c. Белгилүү бир диний доктринадагы диндин өзгөчөлүгү, ошондой эле бул динди карманган динге ишенгендердин бирикмеси.

4. **Теңирчилик дини тарыхый жактан кандай социалдык-жашоо чөйрөсүндө пайда болду эле?**
   a. Отурукташкан
   b. Көчмөн
   c. Үңкүрдө жашаган

5. **Негизинен басмырлоо түшүнүгү азыркы адамдардын аң сезиминде мындай түшүндүрүлөт?**
   a. Жайыл дасторкон майрамы менен
   b. Колдоо менен
   c. Айырмалоосу менен

6. **Мамлекеттик тил жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун жана сактоонун маанилүү факторлорунун бири болуп саналабы?**
   a. Ооба
   b. Жок
   c. Жооп берүү кыйын

7. **Мамлекеттик пенсия кандай жарандарга берилет?**
   a. Жогорку окуу жайларын бүтүргөндөр же аскер кызматын өтөгөндөр.
   b. Учурдагы иштеп жаткан мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер.
   c. Жаш курагы карылыкка келген жарандар.

8. **Диний иденттүүлүктүн маанилүү социалдык-психологиялык компоненттеринин бири болуп төмөнкүлөр саналат:**
   a. Жамаатчылык
   b. Бөлүнүп жарылуучулук
   c. Индивидуалдык

9. **Латын тилиндеги “Толеранттуулук” түшүнүгүнүн мааниси эмнеде?**

a. Тыкандык
b. Чындыктык
c. Сабырдуулук

**10. Элдин биримдиги менен этностор аралык жаңжалдын айырмасы эмнеде?**

a. Жалпы иште
b. Эч нерсе менен айырланбайт
c. Жарандык интеграцияда